| | | |
|---|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**<br>**ОШ ОБЛУСУ**<br>**АЛАЙ РАЙОНУ**<br><br>**ТИЛЕКТЕШ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН**<br>**АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ** | | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**<br>**ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ**<br>**АЛАЙСКИЙ РАЙОН**<br><br>**АЙЫЛ ОКМОТ**<br>**ТИЛЕКТЕШСКОГО АЙЫЛНЫЙ**<br>**КЕНЕШ** |

**Тилектеш айыл аймагынын айылдык кеңешинин VIII чакырылышынын кезексиз XXI сессиясынын**

**Т О К Т О М У**

17.07.2026. № 21/2 Жаңы-Турмуш айылы

**Тилектеш айыл аймагынын айыл өкмөтүнө караштуу Коммунизм айылынын Каргаша участкасында жайгашкан аянты 3665,7 чарчы метр болгон бош жер тилкесин муниципалдык менчикке кабыл алууга макулдук берүү жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 111-беренесин, Кыргыз Республикасынын Жер Кодексинин 21-беренесин, Кыргыз Республикасынын "Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө" 2021-жылдын 20-октябрындагы №123 Мыйзамынын 27-34-беренелерин жетекчиликке алып, айыл өкмөтүнүн орун басары Г.Мадаевдин Тилектеш айыл аймагынын айыл өкмөтүнө караштуу Коммунизм айылынын Каргаша участкасындагы бош 3665,7 чарчы метр жер тилкесин айыл өкмөтүнүн менчигине кабыл алууга макулдук берүү жөнүндөгү маалыматын угуп жана талкуулап, Тилектеш айылдык Кеңешинин VIII чакырылышынын кезексиз XXI сессиясы **токтом кылат**:

1. Тилектеш айыл аймагынын айыл өкмөтүнө караштуу Коммунизм айылынын Каргаша участкасында жайгашкан аянты 3665,7(үч миң алты жүз алтымыш беш бүтүн ондон жети) чарчы метр болгон, мамлекеттик катоодон өтө элек, бош жер тилкесин мыйзамдарда белгиленген тартипте муниципалдык менчикке кабыл алуу боюнча макулдук берилсин.
2. Тилектеш айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн башчысына:
   - Жер тилкесинин укуктук макамын аныктоо;
   - Муниципалдык менчик укугун мамлеккеттик каттоодон өткөрүү;
   - Муниципалдык мүлктүн реестрине киргизүү боюнча тиешелүү чараларды көрүү тапшырылсын.
3. Муниципалдык менчик укугу мамлекеттик катоодон өткөрүлгөндөн кийин жер тилкесин инвестициялык долбоорду ишке ашыруу үчүн, тактап айтканда, ичүүчү сууну тазалоо жана бөтөлкөгө куюу боюнча кичи ишкананы жайгаштыруу максатында, мыйзамдарда белгиленген тартипте пайдалануу маселеси айылдык кеңештин кароосуна киргизилсин.
4. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө айылдык кеңештин агрардык маселелер жана жер реформасы боюнча комиссиясына жүктөлсүн.
5. Ушул токтом расмий жарыялангандан кийин күчүнө кирсин.

**Төрага** **К.Төрөшев**